PLITONIT

Plitonit Deutsche Qualität

**ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ**

## *PLITONIT* Clinker Fix КАПТООЧУ КУРГАК ЖЕЛИМ АРАЛАШМАСЫ




Аралашма СП 71.13330 ылайык иштерди аткарууда жасалгалоочу жасалма жана табигый материалдарды конструкциялардын бетине бекитүү үчүн арналган. Клинкер плиткасынын бардык түрлөрүн, табигый жана жасалма таштан жасалган плиткаларды, ошондой эле каптама керамикалык жана керамогранит плиткаларын имараттын ичинде жана сыртында; бетон, уячалуу бетон (анын ичинде газобетон), көбүктөнгөн пенополистирол, кирпич, гипсокартон, гипс, цемент жана акиташ-цемент шыбактарынын бетине, анын ичинде имараттардын сыртын жылуулоо тутумунда бекемдөөчү катмар катары колдонулуучу беттерге жабыштыруу үчүн ылайыктуу. Турак жай жана коомдук имараттарды жана курулмаларды, анын ичинде окуу-тарбия мекемелерин, балдар, мектепке чейинки, мектеп жана медициналык мекемелерди (анын ичинде дарылоо-алдын алуу жана санаториялык-курорттук мекемелерди), ошондой эле аз кабаттуу турак жай курулушун курууда жана оңдоодо колдонулат.

**Таңгагы – 25 кг кагаз кап.**

- Имараттардын сыртын каптоочу бөлүгү элемент катары клинкер плиткалары үчүн PLITONIT Colorit Fast Clinker аралашмасы (тигиш аралык/тигиш аралашмасы) менен бир колдонулат
- C2 TE
- Мыкты жабышкактык, 1,2 МПа
- Суукка абдан чыдамдуу F150

**Материалдын сарпталышы**

≈ 1,3 кг/м², катмардын калыңдыгы 1 мм болгондо

| Плитканын эң узун тарабынын узундугу, мм | 108ден ашпашы керек | 109-200 | 201-250 | 251-300 | 300дөн өйдө |
|---|---|---|---|---|---|
| Шпателдин тишинин бийиктиги, мм | 4 | 6 | 8 | 10 | 12 |
| 1 м² үчүн кургак аралашманын чыгымы, кг | 2,65 | 3,98 | 5,3 | 6,63 | 7,95 |
| 25 кг желим колдонгондогу плитканын аянты, м² | 9,4 | 6,3 | 4,7 | 3,8 | 3,1 |

Таблицада материалдын чыгымын алдын ала эсептөө үчүн орточо көрсөткүчтөр келтирилген. Иш жүзүндөгү көрсөткүчтөр аралаштырылуучу суунун көлөмүнө, негиздин түрүнө, анын тегиз эместигине жана башка нерселерге жараша айырмаланышы мүмкүн.

**Жумуш аткаруунун шарттары**

Жумушту жүргүзүп жатканда жана андан кийинки 3 сутка ичинде абанын, негиздин жана плитканын температурасы +5°Стан +30°Ска чейинки аралыкта болушу керек. Иш жүргүзүүлүп жатканда аралашманын температурасы +10ºСтан +30ºСка чейин болушу керек. Сыртта ишти аткарып жатканда катмарды атмосфералык жаан-чачындардан корголушу керек.

**Негизди даярдоо**

Каптоо алдындагы негиз бекем, кирден, чаңдан, майлардан, ар кандай боёктордон жана желимдерден, ошондой эле кат-кат болуу түшүүчү нерселерден тазаланган болушу керек. Гипс негиздерин жана сууну сиңирүү жөндөмдүүлүгү жогору болгон беттерди каптоо иштерин баштоодон мурун, өндүрүүчүнүн көрсөтмөсүнө ылайык PLITONIT Кыртыш менен иштетүү зарыл. Андан кийинки иштер кыртыш толугу менен кургагандан кийин гана аткарылат.

**Иштин тартиби**

Даяр аралашма тегиз шпателдин жардамы менен негизге бирдей жайып, тиштүү шпател менен тарак сымал түргө келтирүү керек. Шпателдин тишинин өлчөмүн негиздин тегиздигине, ошондой эле плитканын көлөмүнө жана түрүнө жараша тандап алуу зарыл. Негиз одоно болгон учурда тишинин бийиктиги чоңураак шпателди колдонуу керек, ал эми 600х600 мм өлчөмүндөгү керамогранит плиткасы үчүн тишинин бийиктиги кеминде 8 мм болгон тиштүү шпателди колдонуу зарыл. Аралашманы 30 мүнөттүн ичинде (аралашманын ачык иштөө убактысы) плитка менен каптоого мүмкүн болгон аянтка гана жаюу керек. Эгерде жайылып коюлган желимдин бетинде кургак катмар пайда болсо (колуңуз менен тийгенде желим манжада калбай калса), аралашманы беттен алып салып, ордуна жаңысын сүйкөө зарыл. Плитканы желим аралашманын үстүнө коюп, бир аз айланткан кыймылдары менен анын ичине басуу керек. Плитканын абалын кийинки 30 мүнөттүн ичинде оңдоого болот. Ичинен жел өткөн учурда жогорку температурада, ошондой эле беттин сууну сиңирүү жөндөмдүүлүгү жогору болгондо, аралашманын ачык иштөө убактысы жана аны оңдоо убактысы кыскарат. Плитка тиешелүү шаймандар менен тегиздөө аркылуу тигиштерин ачык калтырып төшөлөт. Бассейндерди, имараттардын сыртын, террасаларды, балкондорду, жылууланган полдорду каптоодо, ошондой эле плитканын арткы бетинин одур-будурлуу бийиктиги 2 мм ашса же өлчөмү 30х30 см чоң болсо, плитканын астында көңдөй жерлерди калтырбаш керек жана жабышуу бекемдигин жогорулатуу үчүн желимди айкалыштырылган ыкма менен (негизге да, плитканын арткы бетине да) сүйкөө зарыл. Негизге желим жогоруда сүрөттөлгөндөй сүйкөлөт. Негизге желим жогоруда сүрөттөлгөндөй сүйкөлөт. Плитканын арткы бетине желим алгач тиштүү шпател менен сүйкөлөт, андан кийин түз шпател менен плитканын бүт аянтына бирдей жайылат. Айкалыштырылган ыкманы колдонгондо материалдын чыгымы 1 мм катмар калыңдыгында 1,3 кг/м²ге көбөйөт. Имараттын сыртында кылуучу иштерин жүргүзүп жатканда салмагы 19 кг/м² чейин болгон плиткаларды 3 м бийиктикке чейин каптоодо кошумча механикалык бекитүү талап кылынбайт.

**Көңүл буруңуз**

Капталган полдун үстүнөн басууга жана тигиштерин шыбоого 24 сааттан эрте эмес убакытта уруксат берилет. Жылытылуучу полдорду иштетүүгө, ошондой эле нымга туруктуу гипсокартон (ГКЛВ) менен капталган беттерде мындан аркы иштерди жүргүзүүгө плитка төшөлгөндөн кийин 3 суткадан эрте эмес уруксат берилет. Көрсөтүлгөн убакыт мүнөздөмөлөрү чөйрөнүн температурасы (20±2)°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу (60±10)% болгон шарттарга тиешелүү; башка температуралык жана нымдуулук шарттарында бул мөөнөттөр өзгөрүшү мүмкүн.

Жумуштарды аткарууда жалпы курулуш иштерин жүргүзүү боюнча нускамаларга жана курулуштагы техникалык коопсуздук эрежелерине ылайык иш кылуу керек. Плитканы төшөөдөн мурун сууга чылабаш керек, плитканын арткы бетин чаңдан жана кирден тазалоо зарыл. Иш жүргүзүп жатканда аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу керек Даяр болгон эритме аралашмасына кошумча суу кошууга тыюу салынат. Чыгарылган жерине ж.б. жагдайларга байланыштуу аралашманын түсү бир партияда бөлөк, башка партияда бөлөк болушу мүмкүн. Аралашманын түсү өндүрүмдүн жарыяланган техникалык мүнөздөмөлөрүнө шайкеш келүүсүнө таасир этпейт. Курамында бекмдөөчү булалардын аз өлчөмү болушу мүмкүн.

### Сактык чаралары

ЭСКЕРТҮҮ: Кургак аралашма ГОСТ 12.1.007 стандартына ылайык кооптуулуктун 4-классына ((көп кооптуу эмес заттарга) кирет. Териге тийгенде жеңил ачыштырып, кычыштырат. Көзгө тийгенде ачыштырып, кычыштырат. Колдонуудан мурун өнүмдү пайдалануу боюнча нускама менен таанышыңыз. Иш учурунда мээлей, атайын кийим жана көздү коргоочу каражаттарды колдонуңуз. Иштен кийин колду жана бетти жакшылап жууңуз. Балдар жетпеген жерде сактаңыз! КӨЗГӨ ТИЙГЕНДЕ: Бир нече мүнөт бою суу менен абайлап жууңуз. Эгерде контакттык линзаларды колдонсоңуз жана аны чечүү оңой болсо, линзаны чечип, көздү жууганды улантыңыз. Эгерде көздүн ачышып-кычышканы басылбаса, медициналык жардамга кайрылыңыз.

### Ташуу жана сактоо шарттары

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак жайларда, таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон шарттарда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: ташуу жана сактоо шарттары сакталган учурда өндүрүлгөн күндөн тартып 12 ай.

### Курамы

Портландцемент, кварц куму, функционалдык кошулмалар.

### Өндүрүүчүнүн кепилдиги

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманы техникалык шарттардын талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ Р 8.579-2002ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өнүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (СанПин 2.6.1.2523-09 боюнча Аэфф <370 Бк/кг (НРБ-99/2009) боюнча материалдардын I классы).

### Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| Толтургуч бөлүкчөлөрүнүн эң чоң өлчөмү | 0,63 мм |
| Желим катмарынын эң чоң калыңдыгы | 15 мм |
| Суунун өлчөмү<br>● 1 кг аралашмага<br>● 25 кг аралашмага | <br>0,21-0,26 л<br>5,25-6,5 л |
| Жылмышып кетүүгө туруктуулугу, ашык эмес | 0,5 мм |

| | |
|---|---|
| Байланыш аянты боюнча ачык иштөө убактысы, мүнөт, кем эмес | 30 мүнөт |
| Плитканын абалын оңдоп-түзөө убактысы, кем эмес | 30 мүнөт |
| Аралашманын ишке жарамдуулук мөөнөтү | 4 саат |
| Үстүнөн басуу жана тигиштерди шыбоо иштерин жүргүзүү убактысы, убакыттан кийин | 24 саат |
| Колдонуудагы температуралык режим | -50°Стан +70°Cка чейин |
| Плитканын абалын оңдоп-түзөө убактысы, кем эмес | F150 |
| 28 сутка бою абада-кургак чөйрөдө кармагандан кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥ 1,2 МПа |
| Суу чөйрөсүндө кармагандан кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥ 1,2 МПа |
| Кезектешип тоңдуруп жана эритүүдөн кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥ 1,2 МПа |
| Жогорку температурада кармагандан кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥ 1,0 МПа |
| Аба-кургак чөйрөдө кармагандан кийин, негиз менен жабышуу бекемдиги аркылуу ачык убакыт | ≥ 0,5 МПа |

**Логистикалык маалымат:**

Жеке штрих-код: 4607013045187

Паллеттеги каптардын саны: 48 даана